**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**
**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ**
**ТАМГА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
**XXVIII-ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН**
**КЕЗЕКТЕГИ XV СЕССИЯСЫ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ТАМГИНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
**ОЧЕРЕДНАЯ XV СЕССИЯ XVIII**
**СОЗЫВА**

---

# ТОКТОМ

2023-жылдын 19-сентябрындагы № 32 Тамга айылы

**«Тамга айылынын тургуну Усупова**
**Бактыгүлдүн кайрылуусу жөнүндө"**

Тамга айыл аймагындагы Тамга айылынын тургуну Б.Усупованын кызынын дарылануусуна акча каражатын бөлүп тууралуу жазган кайрылуусун айылдык кеңештин депутаттары карап, талкуулап чыгып Тамга айылдык кенеши **токтом кылат:**

1. 2008-жылдын 23-июлунда Тамга айылында туулган Токтосунова Адеми Кенжебековнаны Республикалык онколгия борборунун балдар бөлүмүнүн дарыгерлери "Остеогенная саркана" диогнозун коюшкан, жакынкы арада сөөктү протезге алмаштыруу операциясын жасатууга ата-энесинин акча каражаты жетишпей жаткандыктан, жергиликтүү бюджетин эсебинен 20 000 (жыйырма мин) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

2. Айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Баямановго жана финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Ж.Орозбаковго сессиянын токтомунун негизинде 2023-жылга бекитилген жергиликтүү бюджеттин чыгымдоолорунун 71093 «Социалдык камсыздоо» бөлүмүнүн 27211500 «Калкты социалдык жактан камсыздоо» статьясынын эсебинен Б.Усупованын бет эсебине которуп берүү жагы милдеттендирилсин.

3. Бул токтомду Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгынан каттоодон өткөрүү жагы Тамга айылдык кеңешинин жоопту катчысы Н.Шабданбаевага тапшырылсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин пландоо, бюджет жана финансы маселелери боюнча социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссияларына тапшырылсын.

**Төрага** **А.А.Букаров**

---

Жиберилди: иш кагаздарга -1, Тамга а/ө- 1, юстицияга -2;